КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ВАСИЛЬЕВКА АЙЫЛ КЕНЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ВАСИЛЬЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ № 22
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«05» 10 2023 жыл Виноградное а.

**Васильевка айылдык аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруужана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы ПЖ №215 "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы ПЖ №215 Жарлыгы менен бекитилген "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Убактылуу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2001-жылдын 2-майындагы №152 Указы менен бекитилген "Жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн элдик курултайы жөнүндө Жобонун" Васильевка айылдык кеңешинин 6-кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ кылат:

1. Васильевка айыл аймагынын жергиликтүү жамааттарынын арасында делегаттарды шайлоо боюнча чогулуштар 2023-жылдын 17-октябрынан 20-октябрына чейин Васильевка айылында жана Виноградное, Полевое, Привольное айылдарында өткөрүлсүн. Васильевка айыл аймагынын жергиликтүү курултайынын делегаттарын шайлоо боюнча жыйналыштарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси жана графиги 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Васильевка айыл аймагынын жергиликтүү курултайынын курамы аймактагы калктын санына жараша 100 делегаттан турат. Жергиликтүү Курултайга делегаттарды шайлоо жана Васильевка айыл аймагындагы айылдардын калкынын санына жараша өкүлдөрдүн санын аныктоо эрежелери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Васильевка айыл аймагынын жергиликтүү курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ 5 адам Васильевка айылынан жана 4 адам Виноградное айылынан жалпы 9 адамдан турган курамы бекитилсин. 3-тиркеме.
4. Васильевка айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2023-жылдын 20-октябрында саат 15-00 дө Виноградное айылындагы Спортивная 41 дарегинде жайгашкан № 2 мектепте өтөт.
5. Васильевка айыл өкмөтү Васильевка айыл аймагынын жергиликтүү курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топко Элдик Курултайды даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтсүн.
6. Бул токтом массалык маалымат каражаттары, социалдык тармактар, вотсап группалар аркылуу маалымат Васильевка айыл аймагынын жашоочуларына жеткирилсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Васильевка айылдык кеңешинин төрагасы** **Г.А.Рабиев**